| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ШУМКАР-УЯ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ШУМКАР-УЯ** |

# ТОКТОМ

04.07.2024-жыл №32 Сасык-Булак айылы

**"Шумкар-Уя айыл аймагында жер участокторун которуу (трансфармациялоо) жөнүндө"**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу "Жашыл энергетика фонду" Мекемесини н кайрылуусун карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 23-марты ПЖ №62 "Энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануу үчүн багытталган жерлерди берүү маселелери жөнүндө" Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 24-октябры №583 токтому менен бекитилген "Энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануу менен электр энергиясын иштеп чыгуу жана берүү боюнча ишти жүзөгө ашыруунун шарттары жана тартиби жөнүндө" жобосун, 2013-жылдын 15-июлундагы №145 "Жер участогун которуу (трансфармациялоо) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин 8-пунктун жетекчиликке алып, Бекмолдо айылдык кеңешинин 2024-жылдын 19-февралындагы №4 токтомуна толуктоо киргизүү максатында Шумкар-Уя айылдык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Шумкар-Уя айыл аймагынын административдик чегинде жайгашкан төмөндөгү №1691, "2036, №2038, №2039, №2046, №2052, №2053, №2054 контурларынан жалпысы 8, 45 га жер участокторун "Запастагы жерлер" категориясынан "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которууга (транфармациялоого) макулдук билдирилсин.

2. Токтом Кыргыз Республикасынын "Жер участокторун которуу (трансфармациялоо) жөнүндө" Мыйзамынын 9-беренесинин 6-пунктуна ылайык, Талас райондук мамлекеттик администрациясынын жер участокторун кот оруу (трансфармациялоо) боюнча комиссиясына жөнөтүлсүн.

3. Токтомдуаткаруу жагы Шумкар-Уя айыл аймагынын өкмөт башчысы Б.Кыдыралиевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.Борукеев**